Дата: 10.02.2022 Текшерилди:

Окуу болум башчысы: Дюшембиева Р

Мугалим: Абдыраимова М

| | | |
|---|---|---|
| Класс: 6-класс | Предмет: Математика | |
| Сабатын темасы: | **Дурус жана буруш бөлчөктөр** | |
| Сабактын максаты: | -Дурус жана буруш болчөктүн аныктамасын билет<br>-Ой жугуртуу менен дурус жана буруш бөлчөктөрдү ажыратат.<br>-Тактыкка тарбияланат Ан сезими ой жугуртуусу осот. | |
| Предметтик компетентүүлүк | ПК1<br>ПК 2 | Эсептөөчүлүк<br>Аналитикалык |
| Сабактын тиби: | Жаны билимди өздөштүрүү | |
| Сабактын усулу: | Интерактивдүү: Өз алдынча иштөө, жупташып иштөө. Мээге чабуул ж.б. | |
| Сабактын жабдылышы: | окуукитеби, компьютер, проектор | |
| Мазмундук тилке | 5.1 | Сандар жана туюнтмалар<br>Алгебралык туюнтмалар |
| Күтүлүүчү натыйжалар: | Дурус жана буруш бөлчөктөрдү айырмалай алат.<br>Бөлчөктөрду жазып жана окуй алат | |

| Сабактын жүрүшү | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети | баалоо |
|---|---|---|---|
| мотивация | Жагымдуу психологиялык чөйрөнү түзүү (саламдашуу, окуучуларды алдындагы ишмердүүлүккө мотивациялоо) | Сабактын башталышында окуучулар бири-бирин карап жылмаюу менен комплимент айтышат. | Шыктануусуна жараша оозеки белгилей кетем |
| Үй тапшырма текшерүү | Тапшырманын аткарылышына көңүл бөлөм. Бардык окуучунун атккаруу денгээлине байкоо жүргүзүүгө жетишем | Тапшырманын аткарылышын далилдешет | Калыпт-чу баа берем |
| Өтүлгөн теманы кайталоо | сабакта жаңы теманы үйрөтүүнүн негизинде материалды кайталоону уюштуруу | Тесттик суроого жооп беришет. | Суроого жооп береген окуучуларга көңүл бурам |
| Теманы тушүндүрүү | Жаңы билимди калыптандыруу этабы:<br>Жаңы теманы үйрөнүүдө окуучуларды кичи топтордо иштөө ишмердүүлүгүн уюштуруу, материалды көрсөтүү, угууга шарт тузуу.. Сабакта жаңы материалды үйрөнүүдө жетишкендигинин кайтарым байланышы. | Окуучуларды эки-экиден жана кичи топтордо иштөөдө бири-биринин оюн уга билүүгө жетишет Бурчтар менен амалдарды аткарууну үйрөнөт. | Суроо берип оюн айткан окуучуларга көңүл бурам |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Интерактивдүү көнүгүүлөр | Топторго жуптарга бөлүп тапшырма берем | Топтордо, жуптарда иштешет | Топторго, инд-дуу формат-үү баа берем |
| Бышыктоо | материалдарды жалпылаштыруу жана системалаштыруу, тема боюнча көндүмү жана тушүнүгүн колдоно билүүсү,салыштыртыруу жана карама-каршы жактарын салыштыруу | Берилген тапшырма боюнча алгоритмин тузушот. | Жооптун деңгээлтне жараша формативдүү баалайм |
| жыйынтыктоо | Үй тапшырма берем<br>Баалоо жүргүзөм | Тактоо үчүн суроолорду беришет | «5» балдык система мн баалайм |

Күнүмдүк турмушта бөлчөктөр менен ар дайым кездешип турабыз. Торттун *жарымы*, сааттын *үчтөн экиси*, норманын *жетиден алтысы* ж. б. у. с. сөздөрдү ар дайым эле айтып жүрөбүз.

Кадимки бөлчөктү бүтүн сандын жардамы менен, бөлчөк сызыгынын үстүнө – алымына, жана натуралдык сандын жардамы менен, бөлчөк сызыгынын астына – бөлүмүнө, жазуу менен туюунтушат.
Алымынын модулу бөлүмүнүн модулунан кичине болгон бөлчөктөр **дурус**, калгандары **буруш** бөлчөктөр деп аталат.

**Маселе**

Бөлчөктөрдүн кайсынысы дурус, кайсынысы буруш?

a) $\frac{7}{8}$; b) $\frac{29}{18}$; c) $-\frac{17}{18}$; d) $-\frac{77}{16}$; e) $\frac{72}{72}$.

**Чыгарылышы**

a) $\frac{7}{8}$ – кадимки бөлчөгү дурус, анткени анын алымы болгон 7 саны бөлүмү болгон 8 санынан кичине.

b) $\frac{29}{18}$ – бөлчөгү буруш, анткени $29 > 18$;

c) Биз кадимки бөлчөктү дурус же буруш деп ажыратканда анын белгисине көңүл бурбайбыз. Ошондуктан $-\frac{17}{18}$ бөлчөгү дурус, анткени $17 < 18$;

d) $-\frac{77}{16}$ бөлчөгү буруш, анткени $77 > 16$;

e) $\frac{72}{72}$ бөлчөгү буруш, анткени $72 = 72$.

**285.** Бөлчөктөрдүн кайсынысы дурус, кайсынысы буруш?

a) $\frac{3}{7}$; b) $-\frac{31}{72}$; c) $-\frac{112}{13}$; d) $-\frac{13}{23}$; e) $\frac{72}{24}$; f) $\frac{27}{27}$.

А) дурус, б) дурус, с) буруш, д) дурус, е)буруш, ф) буруш

**286.** Бөлчөктөрдүн кайсынысы дурус, кайсынысы буруш?

a) $\frac{11}{6}$; b) $-\frac{63}{70}$; c) $-\frac{1002}{933}$; d) $-\frac{31}{103}$; e) $\frac{34}{34}$; f) $-\frac{42}{42}$.

А) буруш, б) дурус, с) буруш, д) дурус, е)буруш, ф) буруш